## Улуу Үркүндүн 105 жылдыгына карата

# Каргашадан калкын сактаган

Семиз бел болуштугу Россия падышачылыгынын административдик аймагы катары 1876 - жылы түзүлүп, совет өкмөтүнүн алгачкы жылдарына чейин турган.

Бул аймакка азыркы Кочкор районундагы Кара-Күңгөй айылы Сары-Чат ( Итим боку уруусу), Кара-Күңгөй ( Сарргалдак уруусу) , Кош-Булуң ( Беш каман уруусу), Байым ( Сокур, Байым уруулары) төрт айылдан туруп, Тоң районундагы Ак-Өлөң (Сары калпак, Торок уруулары), Оттук ( Сабатар уруусу), Карашаар ( Байым уруусу) болуп сегиз айыл кирген.

Кара-Кол уездине караштуу Семиз-Бел волостуна 1915-жылдары жетим өскөн, теги кедей тукумунан Сагын Ниязбек уулу болуш болуп шайланган. Анын ата тегинде болуш, бий, манап же эл башкаруу ишине катышкан мансаптуу адам болгон эмес. Ал кара таман кедейлерден чыккан, Семиз-Бел болуштугундагы эң акыркы болуш болгон.

Сагын Ниязбек уулу ( Сагынаалы) Ысык-Көлдүн Ак-Суу өрөөнүндө туулган (туулган жылы белгисиз). Айтымдарга караганда кичине кезинде атасынан айрылып жетим калыптыр. 1878-жылы Падышалык Россиянын административдик аймактарга бөлүү саясаты менен туугандары менен азыркы Кара-Күңгөй, Оттук, Ак-Өлөң, Карашаарга көчүрүлүп, ал аймакка Семиз-Бел болуштугу түзүлгөн .

Эл көчүп баратканда көлдө калгандар: "Көч менен үч кас[illegible]түү бай, үч айлакер бир "шайтандуу" кишибиз кошо кет[illegible]но Булар эми кайрылбай калды" -дептир.

Ошол үч айлакер Семиз-Белге 13 жыл болуш болгон Кененбай Байтүгөл уулу, экинчиси жөө Ботокан Калмакы уулу (ал алыстан жылкы чаап келип элине союп берип баккан), үчүнчүсү Сагын Ниязбек уулу экен дешет. (Сагын 1916-жылы эпчилдиги, айлакердиги менен элин кыргындан сактап калган). Шайтандуусу Турганбай болуш Мендебай уулу экен. Ал болуш кезинде кыргоол, кекилик сыяктуу канаттуулардын этин жейм деп элге салык салыптыр.

Сагын жигит кезинде боз үйдүн түбүндө төөнүн комун ( терисин) жамынып, уктап жаткан кезде "буура" (төөнүн эркеги) кол салып бир колун чайнап салыптыр. Буура ны-

Алматай уулу Сагаалынын Туура-Сууда ачкан мектебинде Казань менен Уфадан билим алып келген Ишенаалы Арабаев мугалимдик кылган. Андан сырткары Жумгалда Байзак менен Курман манап «Курмандын мектеби», Сооронбай Дүр уулу Чүйдө мектеп ачышканы белгилүү. Мындай караганда жаңы тартиптеги билим алуу жайыла баштаган. Сагын болуш Ниязбек уулунун тамы да ошол мезгилдеги билимдин очогу болгон. Анын тамы совет өкмөтүнүн алгачкы жылдарында 1927-жылга чейин мектеп болгон. Кара-Күңгөй айылынын санжырачы аксакалдары Бектен Акматов, Мыктыбек Шаршеналиев, Жылкыбай Токтобаев, Оттуктан Абдыкерим Урмамбетов, Ак-Өлөңдөн Турсунбек Асаналиев, Карашаардан Асылбек Баатырканов деген санжырачылар Сагын болуш болуп шайлангандан кийин жарды- жалчы, колунда жокторго кайрымдуу болуп, байлардын оокат-кечесин, мал-мүлкүн бийлигинин күчүнө салып тартып алып берип туруптур деп ырасташат.

1916-жылдын 25-июндагы Падышанын жергиликтүү элдин балдарына аскерге чакыруу жарлыгы элдин кыжырын келтирип, чыңалууну жараткан. Ошол кезде Сагын болуш кол астындагы бий, старчын, элүү башы, жүз башыларын чогултуп жыйын курат. Кээси аскерге кедей-кембагалдын балдарын каттап тынч туралы дейт. Сагын болуш:- Эл жакшылары! Бизде эки жол турат, Биринчиси - аскерге тизме берип, элди тынч сактоо, экинчиси - толкуган элди жетектеп оруска каршы туруу. Биринчи жолду тандасак элдин, «тизмеге киргендердин» убалына калабыз. Жаш балдардын сөөгү бөтөн эл, бөтөн жерде калат. Орус жумушчу күч сураганы аз келгенсип, «урушка жардам», «урушка ат» деп элди кыйнап жатат. Бабаларыбыз жакшы атты, балдарды бөтөн элге бербей кырчылдашып келген. Андан көрө элдин алдында болуп, эл көргөндү көрөлү. Аскерге бала бербейбиз"-деген экен. Кийин болуштардын жыйынында да ошол оюн айткан. Ошентип Кочкордун аягындагы Надырбек, Борукчу, Ниязбек болуштугундагылар Тезекбай Түлкү уулунун, Семиз белдин эли Сагын Ниязбек уулунун жетекчилигинде урушка кирмей болуп тарашат.

дан мурда жетип жайгашып күтөт. Орус жазалоочулары жакындаганда аткылайт. Эки тараптын атышынан эки-үч аскер аттан жыгылып, калганы кайта Кара-Коого кире качышат. Артынан Сагын болуш баштаган Арык тукуму, Үчүке эли, Атаке сарбагышы кошулуп миң чамалуу кол кууйт. Ковалев аскери менен бир коргонго жашынып пулёмот менен аткылап коргонот. Куугандар кайра жапырт качып, мергенчилер жерге түшүп атышуу башталат. (Бул атышта Сагын болуштун жигиттеринде 30 барденке мылтык бар экендигин тарыхчы Белек Солтоноев жазган). Ковалевдун бир нече солдаты өлүп, коргондо камалып эшигин ичинен илип коргонууга өтөт. Таңга жакын коргондун арт жагын бузуп качып жөнөгөн. Кыргыздар эртең менен билип кубалап эки арабасын колго түшүрүп, Ковалев өзү Нарын шаарына кире качкан". (Кызыл Кыргыз тарыхы. Б.Солтоноев).

...Канат хан Ыбыке уулу, Тезекбай Түлкү уулу, Сагын Ниязбек уулу, Дөөткул Шыгай уулу, Акмолдо Карасаев баштаган кошуун Столыпинге каптап кирип, кыштак орус келгиндеринен бошотулат. Андан кийин Кыргыздар 300 чамалуу кол менен Көтмалдыга (Балыкчыга) аттанып, казак-орустар менен чабышат. Казак-орустар күчтүүлүк кылып, кыргыздар кача баштаганда сарбагыштан Ыбырайым Төлө уулу, чагалдактан Отор, Арык тукумунан Байзак уулу Сооронбай сыяктуу мергендер солдаттарды ок атып токтотушат. Андан соң орус аскерлери менен кыргыз козголоңчулары Кара-Коодогу топоздун сазында урушуп, көтөрүлүшчүлөр ийгиликке жетишкен. Ал эми Балыкчыдан бери Боз-Бармактагы урушта Казак-Орустардын эскадрону жаңы күчтөр менен толукталып, кыргыз эли көп кыргынга учурайт. Бул тууралуу жазуучу Касымалы Баялинов «Ажар», Токтош Айтикеев «Жетимдин өмүрү» чыгармаларында баяндаган. Жазуучу Касымаалы Баялинов «Ажар» повестинде Сагын болушту терс каарман катары сүрөттөгөн. Улуу Үркүнгө катышып союз үчүрунда чарбада эмгектенишкен Жумагул уулу Токтобай, Мендибай

тыгып жиберип, аны чөгөрүп аман калган экен. Ошондон бир колу көп көтөрүлчү эмес дейт. Орус бийлиги кыргыздын манаптары үчүн ачкан орус-тузем мектебине Семиз-Бел болуштугунан оокаттуу адамдарынын бири балдарын окуткандан качып, ордуна жетим өскөн Сагынды жөнөтөт. Ошентип билим алуу бактысына ээ болуп, окуп жүргөн кезде Тоң болушу Алматайдын уулу Сагаалы сыяктуу бир катар болуштардын балдары менен дос болуп, жашоого көз карашы өзгөрөт.

Уездге, приставка тилмеч милдетин аткарып жүрүп бир аз акча топтойт. 1878-1896-жылдары Семиз-Бел элине бо-[illegible] болгон атактуу Кененбай Байтүгөл уулуна жигит бо-[illegible] жанында жүргөн. Кененбай болушту ээрчип жыйынга барганда Борукчу элинин болушу Тезекбай Түлкү уулу шыпылдап кызмат кылып жаткан жигитке ( Сагынга) көзү түшүп: -"Ээ Кенеке, бул жигитиң ким?"-деп сурайт. Анда Сагын токтолбой туруп:- "Энеси бар никесиз, атасы бар жетесиз, кумда туулуп, таштa өскөн бир баланы сурап нетесиз"-деп жооп берилтир.

Ал жерде олтурган болуш, бийлер "жөн бала эмес экен " деп баа берип калышат. Кененбай өлөөр алдында 1913-жылдары Сагындын болуштукка ат салышсам деген ою бар экенин ( бул кезде Сагындын кадыр-баркы эл ичинде көтөрүлүп калган ) угуп: "Бул бала - адамдын куу чегири. Мындан башка бычакка саптык балаңар жок беле? Эгер бул болуш болсо, арты кайрымсыз, элге убал болот" дептир.

Сагын Ниязбек уулу кедей топтон экенине карабай 1915-жылкы болуштук шайлоого катышып, атаандаштарын жеңип чыгат. Анын болуш болуп шайланышына орус тилин билип, Кара-Кол уездинин начальниги Иванов менен тил табыша билгени себеп болсо керек. Андан сырткары өзү менен чогуу окуган тоң элинин болушу Сагаалы Алматаев, Саргалдак уруусунан чыккан бай Аламан Сейитказы уулунун жардамы тийген дейт. Болуштук бийликте турган кезде мал деле күтпөптүр. Үйүнө конок келсе же ар кандай кырдаал болсо Аламан Сейитказы уулуна ат чаптырып, союшун ошондон алчу деп айтылат. Эмнегедир Аламан бай «Сагын болуш жиберди» десе, шар эле сураганын берип туруптур. Сагын болуш жаш кезинде болуш болгондуктан, эл аны " Бала Сагын" деп аташкан. Сагын Ниязбек уулу болуш болгондон кийин өзүнө Кара-Күңгөй суусунун жээгине там салдырып, ал жерде жаңыча мектеп кылып балдарды окуттура баштаган. Ал мектепте Ыйманбай Орозалы уулу деген мугалим балдарга жагрофия (география), хесаф (математика), хайбанат (айбанат) сыяктуу сабактарды окутуп, орус падышасы Петр-1нин портретин илип койчу экен. Орус тилин да аздап үйрөтүп турган. Бул жерде билим алган Раманов Асылбек, Аблес уулу Алайдар дегендер Совет өкмөтүнүн алгачкы жылдары алгачкы агартуучулар болушкан. Негизинен эле ошол учурларда 1909-жылы Шабдан Жантай уулу Чоң-Кеминде «Шабдандын медресеси», 1914-жылы Калпа ажы Келдибек уулу Курткада, Ыбыке уулу Канат, Өтөмбай Төрөгелдин Кочкордо, Алматай уулу Сагаалы Тоң болуштугунда Туура- Сууда жаңы усулдагы мектептерди салдырышкан же боз үйлөрдө ачышкан.

усталарга найза, айбалта, чолубаш, кылыч жасаттырып даярдык көрө баштаган. Намаздын уулу Токтомбай уста көөрүгүн үйлөп, аттарга темир така, найза жана башка курал жасап, болуштун жигиттери элди кыдырып бирин-экин мылтыктарды чогултуп, ар үйгө урушка жарактуулар каруу-жарак менен даяр тургула деп эскертилет. Август айынын башында Кара-Кол уездиндеги көптөгөн болуштуктар сүйлөшүп көтөрүлүшкө чыкмай болушат. "Көтмалды ( азыркы Балыкчы) тараптан Кара-Коого (Кочкорго) орус аскерлери келатыптыр, алар элден күчтөп аскер чогултат окшойт»-дегенди чабармандардан уккан Сагын жигиттери менен Кара-Капчал аркылуу жол тосууга аттанат. Азыркы Орто-Токой суу сактагычынын ордунда токой жана суу агып турган. Суудан балык кармап, бейкапар олтурган он чакты аскерди байкатпай басышат. Аскерлердин 3-4ү өлүп, калганы ок чыгарууга жетишпей ич кийимчен токойго кирип кутулат. Арабаларды жана 11-12 мылтык, ок дарылары, азык-түлүктөрүн толугу менен Сагындар колго түшүрүп алып, айылга олжолуу 2-3 каптан бөлкө нан алып кайтышат.

Ошондо Кара-Күңгөйдүн эли бөлкө нанды биринчи жолу жегенин, ал күн майрам сезилгени кийинки жылдары да айтылып калчу. Тарыхый маалыматтарда 1916-жылдын 9-августунда Пишпектен Балыкчыга келе жаткан орус аскерлеринин жолун Ыбрайым Төлө уулу жетектеген көтөрүлүшчүлөрдүн чакан тобу тороп, 178 мылтык жана 30 миңден ашык ок-дары жүктөлгөн арабаны колго түшүрүп алышкан. Ыбрайым Төлө уулунун эскерүүсүндө бул ишке Семиз-Белдин болушу Сагын Ниязбеков, Саадабай баштаган 20-30 жигит жардам берген. Анын эскерүүсүндө мылтык салган тогуз жыгач сандыктын ар биринде жыйырмадан «бердянка» тибиндеги мылтык, баардыгы жүз сексен мылтык, он эки жашикте жалпысы 30 миңден ашык ок болгон. Сагын Ниязбек уулу жетектеген Арык тукумунун жигиттери 80 мылтык, беш жашик патрон, Азык, Жантай, абыла, таздар уруусунун жигиттерине элүү мылтык, үч жашик патрон тийди. Калганын Ыбрайым Төлө уулу жигиттери менен эки төөгө артып алып кеткен.

Ошол жылы 10-августта Ниязбек, Борукчу, Жоон-Арык, Кочкор, Абайылда, Семиз-Бел болуштуктарынан 5000 кол топтолуп Канат Ыбыке уулу, Дөөткул Шыгай уулу, Тезекбай. Түлкү уулу, Сагын Ниязбек уулу жетекчилик кылып Кара-Коого (Столыпинге), ал жердеги орус келгиндерине кол салышкан. Кара-Коодогу орус аскерлерине кечинде Ат-Башы учаскасынын начальниги 20 казак-орустары менен келип кошулуп, Столыпинди коргошкон.

Кыргыздар айылды курчап урушта 100гө жакын кыргыз өлүп, орустардан бир унтер-офицери, отуздан ашык казак-орус курман болушкан. Тарыхчы Белек Солтоноевдин жазганына кайрылсак "Нарындын участковойу Ковалев деген офицер 30 солдат менен Кара-Коого келе жатканын көргөн черикчи уруусунун жигиттери астынан тосуп чыгып, чукул келгенде чабуул коюшат. Солдаттар аткылаганда бир-эки жигитке ок тийип токтолуп калышат. Ковалев Кара-Коого кирип, ал жакта жашаган орустарды кошуп Үчүке элин каптайт. Сагын болуш Ниязбек уулу 80-90 жигити менен келип, бир байдын короосуна орустар-

уулу Мамбетказылар. Сагындын боорукер, караңгыда көз, капылеттен сөз тапкан адам экенин айтканы азыр да айтылып жүрөт. «Сагын болуш орус мылтыгын маңдайына коюп, беш убак намазын үзбөй окуган, кызыл көз, сулуусунан келген, кичирээк, өтө сак адам эле» дешет.

Эл ичинде:- «Ысагаалы, Сагындан, далай акыл табылган» деген ыр саптары айтылып калган. ( Ысагаалы деп Тоңдун болушу Сагаалы Алматаевди аташкан). Урушта ар бир болуштук өздөрүнө ылайык желек көтөрүп, Сагын болуштун желеги ак болуптур. Ал конгон конушуна желекти жерге бекемдеп сайдырып койчу. Ошол желек аркылуу башкалар Сагын болуштун элин таануучу. Көтөрүлүшчүлөрдү жазалоо күч алганда ал эли менен Текеске качат. Үркүндө Сагын болуштун элине орустун жазалоочу отряды да, кытай, калмак черүүлөрү да тийген эмес. Алардын башчысын четке чакырып, элден оолак барып сүйлөшүп, экөө баш ийкешип, кол алышып, жол тоскондор жолду бошотуп четке чыга беришчү дейт. Көчтүн алдын торогон алардын башчысына апийим берип, жолго салчу деген сөздөр да айтылат. Ал өз эли менен Текесте жашап туруп, бир жылдан кийин кайра кайткан. Келе жатканда да элине тийгизбей аман-эсен алып келиптир. Сагынга эрегишип калган бир манап, жол тоскон орустар менен сүйлөшүп анын көчүн тонотмой болгон. Ошондо ал жол тоскон орус аскеринин башчысына бир кагазды көргөзгөндө солдаттар жолду ачып, баягы манаптын көчүн тоногону эл оозунда айтылып жүрөт. Кийин Сагын өлгөндө баягы бай,. "Өлдүңбү Сагын!" деп мүрзөсүн бут менен тээп, тээп жиберет. Бат эле байдын жаагы кыйшайып калганы, өлөөр-өлгүчө "Кечир Сагын, олуя адам экенсиң!" деп ыйлап жүргөн экен.

Сагын болуш кытайдан келе жатканда кыдык уруусунан Сагаалы болуш төө жетелеп келип өрлүктөп тосуп алган. Сагаалы болушту 1918-жылы орус байлары көтөрүлүшкө катышкандар менен бирге өлтүрүшкөн. Сагын болуш Кытайдан кайтып келген соң, Оттуктагы Таш-Алышта жашап турган. Анын таш короосу азыр да бар. Өлөөр өлгүчө 1919-20-жылдарга чейин эл ичинде болуштук таасирин жоготпой элди башкарып турган.

Ал ооруп жатканда аялына кандайдыр бир мөөр басылган кагазды каттырып, "кийин силерге кереги тиет" дептир. Кийин аялы Совет өкмөтүнөн коркуп, документти өрттөп салыптыр.

Сагын Ниязбек уулунун сөөгү Оттуктун күн батышындагы Кызыл-Коргонго коюлат. Кара-Күңгөй айылынын түндүк жагындагы Кара-Күңгөй суусунун жээгинде Сагын болуштун тамы совет өкмөтүнүн алгачкы жылдарында мектеп милдетин аткарган. Сагын болуштун эки аялы болуп, өлгөндөн кийин аялын жакын тууганы мурдагы болуш Турганбай Мендибай уулу алган.

Турганбай 1924-жылдары кулакка тартылып кетип, 1957- жылдары Украинада өлгөн. Сагын болуштун эркек баласы жок Сайна, Каалкан деген эки кызы болгон. Алар соода тармагында иштеп жүрүп кийин эле кайтыш болушту.

**Майрамбек ДЕРКЕНБАЕВ.**